# КАРЫЗ АЛУУЧУНУН ТАЛАП КЫЛУУ УКУГУН ӨТКӨРҮП БЕРҮҮГӨ ЖАНА КАРЫЗДЫ ӨНДҮРҮҮГӨ МАКУЛДУГУ

Ушул документке кол коюп жатып, мен, ___________________ (кардардын ФАА), ушуну менен эркин аракеттенип, өз эрким менен, «О!Банк» ААКка (мындан ары – Банк) толук жана шартсыз макулдугумду берем:

1. Банкта мени менен түзүлгөн бардык насыя жана башка келишимдерден, анын ичинде жогоруда көрсөтүлгөн келишимдер боюнча мен кабыл алган милдеттенмелерди аткарууну камсыздоого түзүлгөн келишимдерден келип чыккан же келечекте келип чыга турган талап кылуу укуктарын өткөрүп берүүгө, мында Банкка өз алдынча, бирок Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чектерде, жаңы кредиторду, талап кылуу укуктарын өткөрүп берүү убактысын, негиздерин, максаттарын жана шарттарын аныктоо укугун калтырам. Талап кылуу укуктары жаңы кредиторго өткөндө Банк мага Кардар катары бул өтүү жөнүндө жазуу түрүндө билдирүүгө укуктуу;

2. менин Банк алдындагы карызымды өндүрүүгө багытталган иш жүзүндөгү жана юридикалык жактан маанилүү аракеттерди аткаруу, үчүнчү жактардын агенттик жана башка макулдашуулар боюнча аракеттерин кошуп (сүйлөшүүлөр, сот жана башка органдарга арыздарды берүү, соттук жана соттон тышкаркы тартипте башка өндүрүү чаралары);

3. менин жеке маалыматтарымды, купуя мүнөздөгү маалыматты, банктык сырды түзгөн маалыматты кошуп, жана Банкта болгон жана Банктын алдындагы менин милдеттенмелериме жана карызыма тиешелүү болгон мен жөнүндө башка маалыматты талап кылуу укуктарын өткөрүп берүү жана/же карызды өндүрүү менен байланышкан бардык зарыл аракеттерди аткаруу максатында өткөрүп берүү жана иштеп чыгуу.

Мен ушул документ электрондук кол тамга менен кол коюлган электрондук документ болуп саналарын жана менин өз колум менен кол койгон кагаз түрүндөгү документке барабар экендигин түшүнөм жана макулмун (электрондук кол тамганы колдонуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз колу менен кол койгондогудай эле юридикалык кесепеттерге алып келет).

[Кардардын мобилдик түзүлүшүнө жиберилген Кодду киргизүү менен Кардардын жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен кол коюлду]
ХЭШ | Код ОТП |ФАА | ДАТА